УДК 811.512.154:9-05
DOI: 10.36979/1694-500X-2023-23-2-86-90

# ПРОБЛЕМЫ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА В НАУЧНЫХ СТАТЬЯХ АКАДЕМИКА Б.М. ЮНУСАЛИЕВА

*М.Т. Нуралиева*

*Аннотация.* Научные статьи академика Б.М. Юнусалиева, посвящённые вопросам развития и преподавания кыргызского языка и переданные в Кыргызский национальный университет, должны стать предметом отдельного изучения, так как, если все материалы не будут исследованы, повторно введены в систему и при необходимости проведены исправления, есть риск исчезновения ценных архивных материалов. Академик Б.М. Юнусалиев внёс большой вклад в изучение языка кыргызского народа, особенно его лексического развития. Он по праву входит в авангард учёных, которые занимались научным анализом, изучением развития кыргызского языка и формированием его литературного языка во всех научно-исследовательских работах. Его неопубликованные статьи свидетельствуют о том, что есть ещё одно нетронутое и пылящееся в архивах историческое наследие. К сожалению, исследования в этом направлении пока не опубликованы.

*Ключевые слова:* исследование; статья; учёный; научный; кыргызский язык; опубликованный; вопросы; факт; признание; развитие; языкознание.

# АКАДЕМИК Б.М. ЮНУСАЛИЕВДИН ИЛИМИЙ МАКАЛАЛАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ТИЛИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ

*М.Т. Нуралиева*

*Аннотация.* Бул илимий макалада академик Б.М. Юнусалиевдин илимий макалаларындагы кыргыз тилин өнүктүрүү, аларды окутуудагы маселелер тууралуу баяндалат. Б.М. Юнусалиевдин Кыргыз улуттук университетине берген архивдик материалдарынын ичиндеги илимий макалалар өзүнчө бир иликтөөнүн предметине алынышы зарыл деп эсептейбиз. Анткени бардык материалдар иликтенип, кайрадан системага салынып, тактоо иштери жүргүзүлбөсө, баалуу архивдик материалдардын жок болуп кетүү коркунучу бар. Кыргыз элинин тилин изилдөөдө, айрыкча анын лексикалык өнүгүүсүн изилдөөдө академик Б.М. Юнусалиевдин эмгеги чоң. Окумуштуу бардык изилдөө иштеринде кыргыз тилинин өнүгүшүн, анын адабий тилинин калыптанышына илимий жактан талдап, изилдеген окумуштуулардын сап башында турат. Анын жарыяланбай калган макалалары кол тие элек, чаң басып жаткан дагы бир тарыхый мурасы бар экендигин айгинелейт. Тилекке каршы, бул багыттагы иликтөө иштери али да колго алынбай келе жатат.

*Түйүндүү сөздөр:* изилдөө; макала; окумуштуу; илимий; кыргыз тили; жарыяланган; маселелер; факт; таануу; өнүгүү; лингвистика.

# PROBLEMS OF THE KYRGYZ LANGUAGE IN THE SCIENTIFIC ARTICLES OF ACADEMICIAN B.M. YUNUSALIEV

*M.T. Nuralieva*

*Abstract.* Academician B.M. Yunusaliev’s scientific articles are devoted to the development and teaching of the Kyrgyz language. We believe that scientific articles in the archival materials of B.M. Yunusaliev, transferred to the Kyrgyz National University, should be the subject of a separate study. Because if all materials are examined, re-entered into the system and no corrections are made, there is a risk of disappearing valuable archival materials. Academician B.M. Yunusaliev made a great contribution to the study of the language of the Kyrgyz people, especially to the study of its lexical development. The scientist is at the forefront of scientists who scientifically analyze and study the development of the Kyrgyz language and the formation of its literary language in all research projects. His unpublished articles indicate

that there is another untouched and gathering dust of historical heritage. Unfortunately, research in this direction has not yet begun.

*Keywords:* research; article; scientist; scientific; Kyrgyz language; published; questions; fact; recognition; development; linguistics.

**Киришүү.** Б.М. Юнусалиевдин илимий мурастарын изилдөөнүн негизги жыйынтыктары, бул изилдөө боюнча сунуштар жана жүргүзүүлүчү иштердин багыттары, актуалдуу маселелери окумуштуунун шакирттери тарабынан изилденип келе жатат. Ошол илимий мурастарынын ичинен илимий макалалары азыркы учурдагы кыргыз тилин изилдөөгө жана өнүктүрүүгө абдан таасирдүү.

Б.М. Юнусалиевдин илимий негизде изилденип жазылган макалалары да биз үчүн мурас болуп саналат. Алар: “Кыргыз адабий тилинин маанилүү маселелери” (“Кызыл Кыргызстан”, 1954, 29-октябрь.), “Заметки по истории киргизского языка” (Фрунзе: Илим, 1965), “Формирование и развитие киргизского литературного языка – результат победы Октябрьской революции” (Общественные науки, № 5, 1968), “Проблема формирования общенародного киргизского языка” (Вопросы языкознания, 1955, № 2), “К вопросу формирования общенародного киргизского языка”, “Об опыте создания сводного варианта эпоса «Манас»” (Труды Института языка и литературы, 1956. Вып. VI).

Академик Б.М. Юнусалиевдин илимий негизде изилденип жазылган макалалары да кыргыз тил таануу илими үчүн маанилүү теориялык жүктү көтөрүп, кыргыз тилчилери, адабиятчылары, тарыхчылары үчүн багыт берүүчү материал болуп саналат.

Улуу окумуштуунун жогоруда көрсөтүлгөн макалаларынын айрымдарына гана токтоло кетсек.

Б.М. Юнусалиев – жалгыз гана тилчи, окумуштуу эмес, республиканын коомдук иштерине, элге билим берүү системасынын өнүгүшүнө активдүү катышкан коомдук ишмер. Айталы, 1958-жылдын июнь айында кыргыз тили боюнча республикалык биринчи илимий-теориялык конференция өткөрүлүп, анда Б.М. Юнусалиев кыргыз тилинин изилдениш абалы, келечеги тууралуу чоң баяндама жасайт. Ал баяндама 1959-жылы «Мугалимдерге жардам» журналынын № 6 санына «Кыргыз тилин изилдөөнүн абалы жана кезектеги милдеттери» деген аталышта жарыяланат. Ошол макалада “Касым Тыныстановдун кыргыз тилинин фонетикасын, морфология менен синтаксисин, жалпы эле кыргыз тил илимине негиз салган окумуштуу” [1] деп баса белгилейт. Эгерде ал кезде К. Тыныстановдун эмгектерин мисал келтирүү мындай турсун, анын атын атоого тыюу салынып тургандыгын эске алсак, белгилүү окумуштуунун кажыбас кайраты, күчтүү эрки, тарыхый чындыкты бурмалабаган окумуштуулук улуу сапаты айкын көрүнөт.

Кыргыз лингвисттеринин ичинен Б.М. Юнусалиев кыргыз тилин изилдөөнүн тарыхында биринчи болуп элдик кыргыз адабий тилинин калыптанышын жана өнүгүшүн кыргыз тилинин тарыхына байланыштуу мезгилдерге, доорлорго, этаптарга бөлүштүрүп илимий негизде аныктайт. Мисалы, кыргыз тилинин IX–X кылымдарга чейинки тарыхын Б.М. Юнусалиев **«Заметки по истории киргизского языка»** деген макаласында үч доорго бөлгөн да, жакынкы жана алыскы тектеш тилдердин курамында караган.

Ал эми кыргыз тилинин үчүнчү доорунун, үчүнчү этабын, башкача айтканда, жаңы кылымдык кыргыз тилин үч мезгилге бөлөт:

а) могулистандык-жунгардык мезгил (XVI–XVIII кылымдар);

б) XVIII кылымдан Октябрь революциясына чейинки мезгил;

в) советтик мезгили (өз кезегинде «Советтик мезгил» «Кыргыз адабий тилинин калыптанышы жана өнүгүшү» деген бөлүккө бөлүнөт да, анан бул бөлүк өз ичинен дагы бир нече учурларга ажыратылат) [2] деп автор тарабынан киргизилген атайын курста окутулган.

Мына ошентип, кыргыз тилин тарыхый доорлорго, этаптарга, мезгилдерге, учурларга бөлүнүп, ар бир бөлүнүш өзүнчө тарыхый шарт жана абал менен түшүндүрүлүп, тилдик фактылар менен бекемделип отурат. Мисалы, жаңы кыргыз тилинин могулистандык-жунгардык мезгилинде (XVI–XVIII кк.) «кыргыз уруулары

Чыгыш Түркестандан, кийинчерээк Борбордук Тянь-Шандан байыр алып, ал жердеги элдер менен, алгачкы кездерде көбүнчө уйгур диалектилери менен байланышта жашайт» [2]. Борбордук Азиядагы жунгарлар (калмактар) Чыгыш Түркестандагы, Орто Азиядагы элдерге катуу чабуул жасап, үстөкө-босток соккуларынын натыйжасында, кыргыз уруулары улам түштүк-батышка карай жылууга мажбур болот. Кыргыз урууларынын алды сүрүлүп отуруп, Каратегин, Кысарга (Гисар өрөөнүнө, Памир тоолоруна) чейин, арты Анжиян, Алай тоолоруна чейин сүрүлөт» [2]. Натыйжада бул мезгилде кыргыздар уйгур, өзбек, тажик, казак элдери менен саясий жана экономикалык тыгыз байланышта болот, ошондуктан ал тилдерден ар түрдүү тармакка байланыштуу: баа, нарк, тараза, дыйкан, анар, мейиз, бейиш, милдет сыяктуу иран, араб сөздөрдү колдонула баштайт.

Академик Б.М. Юнусалиевден кийин кыргыз тилинин өнүгүш доорлорун академик Б.О. Орузбаева төрт этапка бөлөт:

1. I–VIII кк. – кыргыздардын Эне-Сайда жашап турган учуру.
2. VIII–XIII кк. – кыргыздардын Эне-Сайдан батышка – Алтайга – жыла баштаганы.
3. XIV–XVI кк. – Тянь-Шандагы мезгил.
4. Жаңы кыргыз мезгили – XVI кылымдан тартып азыркы мезгилге чейин.

Кыргыз тилинин пайда болуу жана өнүгүү этабын профессор К.Т. Токтоналиев негизинен жети доорго бөлөт.

1. Алтай доору – эң байыркы доор.
2. Шумер доору – бул доор биздин заманга чейин, VI кылымдан биздин заманга чейин I кылымдарга чейин созулат.
3. Хунн доору – бул доор биздин заманга чейин, I кылымдан биздин замандын V кылымдарына чейин созулат.
4. Байыркы кыргыз доору (биздин замандын V–X кылымдары).
5. Ортоңку кыргыз доору (биздин замандын X–XV кылымдары).
6. Соңку кыргыз доору (XV–XX кылымдар).
7. Жаңы кыргыз доору (XX кылымдын 20-жылдарынан тартып) [3].

Биздин оюбузча, жогорудагы бөлүштүрүүлөрдүн ичинен Б.М. Юнусалиевдин кыргыз тилинин өнүгүш доорлорун бөлүштүрүүсү илимий жактан ынанымдуу жана далилдүү катары эсептейбиз. Анткени окумуштуу лексикалык бай материалдарга таянуу менен тилдин тарыхый жактан өнүгүшүн аныктай алган.

Б.М. Юнусалиев – жогорудагы макаласында эле тастыкталгандай, кыргыз тил илимине изилдөөнүн салыштырма-тарыхый методун киргизип, аны колдонуунун артыкчылыктарын өз изилдөөлөрүндө далилдеген новатор-тилчи болгон.

Ал эми **“Кыргыз адабий тилинин маанилүү маселелери”** макаласы болсо үч бөлүмдөн турат.

**Биринчи бөлүмүндө** адабий тилдин өнүгүшүндөгү кээ бир кемчиликтерге кыскача токтолуп, аларды жоюуга байланыштуу сунуштарды келтирген. Кыргыз тилинде ага тектеш тилдер сыяктуу, сан атоочтордон кийин көптүк форма колдонулбайт (миң койлор эмес, миң кой). “Тилге жат форманы колдонуу адабий тилди жалпы элден алыстатат, окуучулардын көңүлүн иренжитет, басма сөздүн таасирин басаңдатат” [4], – дейт автор. Газета-журнал, радиодон “26 командалар, 6 спортсмендер” же “...ырлар сыяктуу мисалдар далилдеп турат” ж. б. у. с. элдин тилге болгон чоочун формаларын көрөбүз. “...Ар бир сөздү сөзгө тиркөөнүн, сөз мүчөсүн сөзгө жалгоонун белгилүү эрежеси бар. Мисалы, *“-чан”* деген мүчө минип турган жаныбарларга, же кийип турган буюмга гана жалгануу мүмкүнчүлүгү бар (атчан, төөчөн, өтүкчөн, пальточон), бирок <u>үйчөн, итчен</u> делип айтылбайт. Буга карабастан, А.П. Чеховдун “Дама с собачкой” аттуу аңгемеси “Күчүкчөн аял” делип кыргызчаланып журналга басылган [4].

Кээ бир жазуучуларыбыз, тилге жаңылык киргизүүгө аракеттенип, жөнөкөй эле логикага каршы, эл шылдың кыларлык эпитеттерди ойлоп чыгарат. Буга Н. Байтемировдун “Кара ай”, “Тоголок мурун” (“Салтанат”) деген сыяктуу эч бир санга туура келбеген “жаңылыктары” далил боло алат. Айды кара деп, ага кашты салыштыруу жаңылыкка жатпайт го. Адабий тилибиздин орфография жана орфоэпия маселелериндеги кемчиликтерге да токтолуп төмөнкү сунуштарды берет.

1. Революциядан мурун кирип, жалпы элдик мүнөзгө ээ болуп кеткен сөздөр эл оозунда

айтылгандай жазылсын. Андай сөздөрдүн такталган тизмеси жакында чыга турган орфографиялык сөздүк менен белгиленүүгө тийиш.

2. Кыргыз тилинин ички мыйзамдарына ылайык, орфографияны мындан ары да жакшыртуу боюнча изилдөө иштерин улантуу зарыл.

3. Адабий тилде калыптанып кеткен фонетикалык жана грамматикалык нормалардын бузулушуна жол берилбесин.

4. Илимдер академиясы адабий тилдин негизги орфоэпиялык эрежелерин иштеп чыгууга тийиш [4].

Макаланын **экинчи бөлүмүндө** адабий тилдин сапатына чоң таасир келтирүүчү терминология (орус тилинен сөз алуу) маселеси каралып, бир топ мисалдар келтирилип, кемчиликтерди жоюу үчүн төмөнкү чаралар көрүлүү зарыл экендигин баса белгилейт:

1. Мамлекеттик терминология комиссиясы тез арада кайра калыбына келтирилип, анын иши жолго салууну керек. Ал илимдин бардык тармактары боюнча терминдерди жыйнап, талкууга салуу аркылуу улам бекитилген терминдерди китепче түрүндө жарыялап турууга тийиш.

2. Оригиналдык адабияттан котормо адабияттын көлөмү бир нече эсе көп экендиги эске алынып, жогорку квалификациялуу котормочуларды даярдоо иши жолго коюлуу зарыл. Бул үчүн жогорку окуу жайларынын биринде атайын бөлүм (же журналисттер менен кошо факультет) ачылуу керек. Азыркы иштеп жүргөн котормочуларды квалификациялык комиссиядан өткөрүп, аларга "котормочу болууга укуктуу" деген атайын документ берилгендей болсун, ал эми андай укугу болбогондорго котормо берилүүгө тийиш эмес.

3. "Орусча-кыргызча сөздүктүн" экинчи басылышын тездетүү зарыл. Котормо адабияттын тили жөнүндө атайы изилдөө иштери жүргүзүлүп, Илимдер академиясы илимий сессияларды өткөрүп турууга тийиш [4].

**Үчүнчү бөлүмү** кыргыз адабий тилине арналган.

Адабий тил – жергиликтүү диалектилердин гана эмес, жалпы элдик тилдин эң жогорку формасы. Адабий кыргыз тили азыр өнүккөн социалисттик улуттун тили, ошондуктан коомдун ар бир мүчөсү, көбүнчө интеллигенциябыз диалектилик же говордук тилде сүйлөбөй, адабий тилде сүйлөө керек деп токтолот. Андан сырткары, эне тилдин ролуна басым жасайт. "Алдыңкы кыргыз интеллигенциясынын уулкыздары эне тилин билбей калса, алардын элден алыстоо коркунучу туулат, себеби коомдун мүчөлөрүнүн бири менен бирин байланыштырып тура турган эң маанилүү курал – тил. Кыргыз интеллигенциясы жана андан чыга турган квалификациялуу жеткинчектер Компартиянын, улуу орус элинин, совет бийлигинин жардамы аркасында алган билимдерин, өнөрлөрүн, адистиктерин калың элге ошол тил аркылуу бермекчи, ошол тил аркылуу аларды коммунизмдин маданияттуу куруучулары кылып тарбияламакчы. Өзү кыргыз болуп туруп эл арасына котормочу ээрчитип баруу эл алдында чоң саясий айып экенин түшүнүү керек.

Шаардагы кыргыз интеллигенциясынын жана жумушчуларынын балдары орус тили менен кошо, кыргыз тилин билгендей болуш үчүн, республикалык маданий органдар тарабынан бир катар олуттуу чаралар көрүлүүсү зарыл. Биринчи кезекте үй-бүлөдө эки тилди бирдей үйрөтүү методдорун иштеп чыгаруу, бул жөнүндө колдонмо куралдарды бастыруу, балдар бакчаларында кыргыздарга эне тилин үйрөтүү, шаардагы орус мектептеринде окуган кыргыздардын балдарына кыргыз тилин окутууну жолго салуу сыяктанган чараларды жүзөгө ашыруу, албетте, Агартуу министрлигинин ыйык милдети" [4], – деп аякталат.

Академик Б.М. Юнусалиевдин ошол мезгилдерде, тактап айтканда өткөн кылымдын 60–70-жылдарында, көтөргөн көйгөйлүү маселелери азыркы учурда да өтө актуалдуу бойдон калууда. Бүгүнкү шаардагы, өзгөчө Бишкек шаарындагы кээ бир интеллигенциянын балдары, неберелери мурдагыдай эле орус тилинде тарбияланып, тили орус тилинде чыгып, эне тилин билбей калышууда. Улуттук тилди билбегенден кийин, улут үчүн күйүп жанбаган муундардын өкүлдөрү өсүп чыгууда. Буга академик туура белгилегендей, биринчи кезекте үй-бүлө, атаэне күнөлүү. Мындай олуттуу маселени ошо совет мезгилинде "улутчул" деген жарлыктан коркпой көтөрүшү Б.М. Юнусалиевдин кыргыз тили үчүн, анын келечек тагдыры үчүн кам

көргөндүгүнүн белгиси болуп саналат. Ошол кезде улуттук тил жөнүндө маселе көтөрүү эрдикке тете болгон.

***Корутунду.*** Академик Б.М. Юнусалиевдин жарыяланбай калган макалаларында да кыргыз тилин өнүктүрүү, аны окутуудагы сунуштар тууралуу маселелер каралган. Эгер ошол макалаларын илимий негизде талдап, аларды жарыяласак, азыркы учурдагы мамлекеттик тилдин көйгөйлүү маселелерин чечүүгө кандайдыр бир жардамы тиймек. Тилекке каршы, КУУнун кыргыз филология факультетинин китепканасында сакталып турган Б.М. Юнусалиевдин архивдик документтери чекесинен жоголуп бара жатат. Бул архивде сакталып турган академиктин эмгектери өтө баалуу.

Б.М. Юнусалиевдин илимий негизде изилденип жазылган макалалары да биз үчүн мурас болуп калмакчы.

Поступила 06.12.22; рецензирована 20.12.22; принята 23.12.22.

***Адабияттар***

1. *Юнусалиев Б.М.* Кыргыз тилин изилдөөнүн абалы жана кезектеги милдеттери жөнүндө / Б.М. Юнусалиев // Мугалимдерге жардам. 1959. № 6. 25–31 б.
2. *Юнусалиев Б.М.* Заметки по истории киргизского языка / Б.М. Юнусалиев. Фрунзе: Илим, 1965.
3. *Орузбаева Б.О.* Кыргыз тилинин маанилүү маселелери «Макалалар жыйнагы» / Б.О. Орузбаева. Бишкек: Илим, 1995. 396 б.
4. *Юнусалиев Б.М.* Кыргыз адабий тилинин маанилүү маселелери / Б.М. Юнусалиев // Кызыл Кыргызстан. 1954. 29-октябрь.